***Мадаминов Г.М.***
***№3 экспериментальная гимназия***

# ИНСАН ТААНУУ САБАГЫНЫН ТААЛИМ ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

# ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ УРОКОВ ИЗУЧЕНИЯ ЛИЧНОСТИ

***Аннотация:*** *Макалада «Инсан таануу» сабагынын автордук программасы, максат, милдеттери берилген. Ал аркылуу жаштарды бүгүнкү күндүн актуалдуу проблемасы болгон улуу инсандык сапаттарга тарбиялоо, илим-билим үйрөнүүгө, кесипкөйлүккө кызыктыруу маселеси көтөрүлгөн.*

***Аннотация:*** *В статье представлены авторская программа, цели и задачи лекции – урока "Личностоведение". В ней поднимаются проблемы, актуальные в наши дни: воспитание великим личностным качествам, интереса к науке, знании и профессионализму.*

***Annotation:*** *This report includes the explanation of author`s lesson Insan taanii "Discovering a person", the goal and duties of this lesson.*
*With the help of this lesson to solve the current issues of young generation related to educating them to be well brought up and encourage them to gain useful knowledge and make them to be interested in hardworking, doing career.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *Инсан таануу, инсандык сапаттар, жалпы адамзаттык баалуулуктар, тажрыйба алмашуу, чыгармачылык изденүү*

***Ключевые слова:*** *личностные качества, общечеловеческие ценности, обмен опытом, творческие искания.*

***Key wards:*** *Discovering a person, human qualitie, whole values of human beings, exchange experiment, creative searching*

"Инсан таануу" темасын тандап алуумдун себеби, глобалдашуу заманындагы информациялык технологиялардын өнүгүүсү жакшы мүмкүнчүлүктөр менен катар кооптуу көйгөйлөрдү жаратууда. Бүткүл дүйнөлүк интернет желеси, ММК аркылуу жаштарга пайдалуу маалымат берүү менен бирге алардын аң-сезимин, жан-дүйнөсүн алагды кылып, терс багытка буруучу маалыматтар каптап кетүүдө. Окуучулардын идеалы супермен, боевиктер, шылуундар ж.б. болуп бараткансыйт. Асыл инсандар, алардын инсандык сапаттары, кесипкөйлүгү жөнүндө аз угуп билишет. Ошол себептүү окуучуларды улуу инсандардын үлгүсүндө тарбиялоо максатында 1996-жылдан бери №3 гимназияда атайын жобосу, программасын түзүлүп, практикада өтүлүп жаткан "Инсан таануу" сабагы, анын мааниси, өтүү методу жөнүндө тажрыйба алмашуунун зарылдыгын белгилегим келет.

Макалада "Инсан таануу" сабагы профессор И. Бекбоевдун мисалында берилди. 25 жылдык тажрыйба-эксперимент бул сабак-лекциянын жаштарга жакшы сезилерлик таасир берүүсүн далилдеди. Исак агайдын инсандык сапаттарын билүү, ага кызыгуу, умтулуу окуучуларда пайда болду десем жаңылышпайм.

**1. Ааламдашуу доорунда жаштарга "Инсан таануу" сабагы аркылуу таалим-тарбия берүүнүн мааниси**

Азыркы глобалдашуу доорунда окуучулар, жалпы эле жаштар түркүн маалыматтардын каптоосуна туш болуп, ал маалыматтын ичиндеги оң да, терс да таасирлерден башы маң болуп, интернет, компьютер, кол телефонуна көзкаранды болуп турган учуру. Боевик, терминатор, бандит, зордук-зомбулук, террорчулук, наркомания, бангилик, сойкулук ж.б жөнүндө маалыматтар ар тараптан агылып келүүдө. Эптеп акча тапкан, кызматка, бийик даражага жеткен шылуундар, эки жүздүүлөр, демогогдор жана зөөкүрлөр жаштар үчүн идеал болуп, чыгып келүүдө. "Бул абал жаштарыбызга түз жана кыйыр түрдө таасир кылып, алардын аң-сезимин, жан-дүйнөсүн булгап, турмуштук баалуулуктарын жана багыттарын өзгөртүүдө. Бул болсо коомго, келечекке коркунуч алып келүү даражасына жакындоодо.

Ошол себептүү жаштарда инсандык асыл сапаттар, кесипкөйлүк жөнүндө, адамдык баалуулуктар жөнүндө сөз козгоп, жаштардын көңүлүн ушул багытка буруу максатында №3 гимназияда 1996-жылдан бери "Инсан таануу"сабагы дүйнөлүк, Ата Мекендик улуу инсандар жөнүндө стандарттуу эмес формада жана кеңири мазмунда сабактар өтүлөт.

Анда Аристотель, Сократ, Конфуций, Мухаммед Пайгамбарыбыз, Рузвельт, Исхак Раззаков ж.б сыяктуу улуу инсандардан баштап, окумуштуу, маданият ишмерлери, дыйкан-малчыдан жөнөкөй энеге чейин тандалып алынат.

Ошолордун катарында И.Бекбоев жөнүндө да 1997-жылы жана 2015-жылы сентябрда экинчи жолу сабак өтүлдү.

Окуучулар өзүлөрү окуп жаткан математика окуу китебинин автору И.Бекбоев агайдын өмүр-таржымалы, эмгектери, адамдык асыл сапаттары тууралуу маалымат алышып, ийгиликтин, инсандыктын "алтын ачкычына" ээ боло алышты. Бул сабак өзгөчө кызыктуу жана таасирлүү өттү.

Инсан таануу сабагынын жобосу түзүлүп, жыл сайын план-программасы жаңыланып турат.

Инсан таануу окуучуларды терс таасирлерден сактоо, аларда инсандык сапаттарды калыптандыруу, илим-билимге, кесипкөйлүккө тарбиялоо-

до күчтүү каражат экендигине 25 жылдык эксперименталдык иштер далилдеди. Булардын таасири менен биздин окуучулардын арасында зордук-зомбулук, тартип бузуу жокко эсе болуп, окуучуларыбыз республикалык олимпиадада байгелүү 1-2-3-орундарды ээлеп келүүдө. Мисалы: А.Толубаева республикада 1-орун (Адам жана коом), М.Турабаева орус тилинен 1-орун, Г.Мирсаитова биологиядан 1-орун, Д.Кошматов тарыхтан 2-орун.

Жалпы республикалык тестирлөөдө да бүтүрүүчүлөрүбүз 190-200 баллдан жогору алып, ийгиликке жетишкен окуучуларыбыз көбөйүүдө.

Бүтүрүүчүүлөрүбүздүн 90-100 пайызы ЖОЖдун бюджеттик бөлүмүндө окушууда.

**2.Инсан таануу сабагы же " Өмүрү өрнөк инсандар " ийриминин жобосу**

**Максаты:**

а) адамдык асыл сапаттарды өмүрү өрнөк инсандардын мисалында үйрөнүү, иликтөө;

б) улуу инсандардын өмүрүн, ишмердүүлүгүн, билим, өнөр үйрөнүүдөгү тажрыйбасын үйрөнүү жана ошолордун мисалында изденүү, үйрөнүү процессинде окуучуларды илим-билимдүү, мыкты сапаттарга эгедер инсан болуп өсүүсүнө багыт берүү, тарбиялоо;

в) окуучуларды адамдагы эмгекчилдик, ак ниеттүүлүк сапаттарды таап үйрөнүүгө, баалоого тарбиялоо.

**Ийримдин түзүлүшү:**

Ийримге 7-11-класстардын ушул багытка кызыккан окуучулары тандалып алынат. Программа райондук усулкана менен макулдашылып, мектептеги метод кеңешмеде талкууланып, директор тарабынан бекитилет. Атайын журналда ийрим катышуучулары, өтүлгөн темалар катталып барылат.

**Ийримдин ишмердүүлүгүнүн башкы багыттары:**

- Айылдагы өмүрү өрнөк инсандар
- Райондогу өмүрү өрнөк инсандар
- Областтагы өмүрү өрнөк инсандар
- Кыргызстандагы өмүрү өрнөк инсандар
- Борбордук Азиядагы өмүрү өрнөк инсандар
- Чыгыштын өмүрү өрнөк инсандары
- Дүйнөлүк инсандар

Маалыматтар энциклопедия, хрестоматия, ММК, атайын адабияттардан, элден суралып иликтенип үйрөнүлөт. Ошолордун негизинде доклад, реферат, дил баян, билдирүү жазылат.

Көргөзмө конференция уюштурулат.

Элге кеңири болгон асыл сапаттарын, эмгектерин, чыгармаларын окуучулар алып чыгышып, жайылтышат, пропагандалайт, таанытат.

Мүмкүнчүлүгү бар болсо, ошол адамдардын өздөрү же тууган-уругу менен байланыш түзүлөт.

Айрыкча, билим алуусу, илим-билимге мамилеси, өз ишмердүүлүгүн уюштуруусу, жекече адамдык сапаттары, жеке турмушу, ой жүгүртүүсү, чыгармачылык изденүүсү, эмгекчилдик сапаттарын үйрөнүүгө өзгөчө маани берилет.

Эл ичинде байкоосуз жүргөн, жөнөкөй, асыл, адамгерчиликтүү адамдар дүйнөлүк масштабда белгилүү инсандар менен бир катарда үйрөнүлөт.

- Катардагы жумушчу же үй кызматкери
- Пакиза, динди бекем туткан адам
- Илим-билимдүү инсан
- Саясатчы
- Эрдиги, эмгеги менен элге белгилүү болгон адам
- Адабият, маданият, искусство ишмерлери
- Кайрымдуу, ак ниет, ишкер адамдар
- Билерман, тажрыйбалуу жетекчи

Предметтик сабактардан (тарых, адабият ж.б) айырмаланып, инсандыгы таанылып жаткан адамдын өмүр баяны эле эмес, адамгерчилиги, эмгекчилдиги, тазалыгы ж.б. сапаттары кошо үйрөнүлөт.

**Ийримдеги машыгуунун формалары:**

- лекция - жумалык
- аңгеме - айлык
- жолугушуу - дискуссия
- кече - дебат
- семинар -сахналаштыруу
- конференция - ролдоштуруу ж.б

Сабак кичи-лекция, аңгеме, ой толгоо, диспут түрүндө айкалыштырылып өтүлөт.

**3. №3 гимназияда 20 жылдан бери өтүлүп келаткан " Инсан таануу " сабагынын тажрыйбасы** (Исак Бекбоев жөнүндө өтүлгөн "Инсан таануу" сабагынан маалымат)

**Сабактын максаты**:

1. Инсан таануу сабагында И.Бекбоевдин инсандык сапаттары жөнүндө маалымат берүү жана талкуулоо (схема мисалында);

2. Профессор И.Бекбоевдин кесипкөйлүк сапаттары жана ага жетүүдөгү эмгеги, изденүүсү жөнүндө маалымат;

3. Агайдын инсандык, кесипкөйлүк сапаттарынын мисалында окуучуларды тарбиялоо, өстүрүү.

**Сабак-лекциянын жабдылышы:**

1. Профессор И.Бекбоев жөнүндө китептер

2. Исак Бекбоевдин авторлугунда жазылган 5-6-7-класстардын математика окуу китептери

3. Портреттик сүрөттөрү

4. Документтик материалдар

5. Схемалар

**Сабактын жүрүшүнүн планы:**

1. И.Бекбоев жөнүндө маалымат (тиркелет)
2. И.Бекбоевдин (схема мисалында) инсандык улуу сапаттары
3. Турмуштук мисал эпизоддор баяндалат.
4. И.Бекбоевдин адис, илимпоз, кесипкөйлүгү жөнүндө (маалымат баяндалат, схема пайдаланылып толтурулат, китептери көрсөтүлөт).
5. Окуучулар И.Бекбоев жана Аристотель, Сократ ж.б деген окшоштук, салыштыруу диаграммасы, эсселерди жазышат.
6. Окуучулар “Мага И.Бекбоевдин жаккан сапаттары “деген 1,2 абзацтык оозеки же жазма билдирүү жасашат.
7. Мугалим сабакты жалпылап, И.Бекбоевдин инсандык сапаттарында жалпы адамзаттык баалуулуктардын (адилеттүүлүк, мээримдүүлүктүн чагылышы, агайдын Кыргыз математика илимине, педагогика методикага салымы жөнүндөгү сөздөрү менен жыйынтыкталат.







**4. Корутунду жана сунуштар**

Биз бул темада глобалдашуу информациялык технология заманында, базар экономикасы шартында башы маң болуп, бардык нерсени акча, пул менен өлчөп калган жаштарга акчадан да бийик турган инсандык сапаттарга аларды тарбиялоо жана профессор И.Бекбоев сыяктуу адамдардын үлгүсүндө “Сөз чакырат, үлгү ээрчитет” демечи, инсандык кесипкөйлүк багытына алып чыгууу жөнүндө кыскача маалымат бердик.

“Инсан таануу” сабагынын жобосу берилип, И. Бекбоев жөнүндө өтүлгөн сабак-лекциянын иштелмесинен үзүндү, схемалар келтирилди.

“Инсан таануу ” аркылуу төмөнкү максаттарга жетсек болот:

1. И. Бекбоев сыяктуу бир инсандын сапаттарын үйрөнүп отуруп, 14 инсандык сапаттарды билдик.
2. “Инсан таануу” аркылуу жаштарга өзүн-өзү таанууга жана өстүрүүгө багыт алат.
3. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды таанып.
4. Инсандын кадыр-баркын билет.
5. Дүйнө адамдарын тааныйт.
6. Күн сайын адам болууга умтулуусу, кызыгуусу ойгонот.
7. Кесипкөйлүктүн сапат, касиеттерин билет, ошого жетүүгө кызыгуу ойгонот.

“Инсан таануу” сабагы гимназияларда, лицейлерде, ЖОЖдордо ийрим, лекция атайын курстардын эсебинен өтүлсө болот. Орто мектептерде тарбиялык сааттардын эсебинен же айына бир жолу коомдук башталышта сабак-лекция катары өтсө болот.

**Адабияттар:**

1. Абдухамидова Б.А., “Билим жолундагы өмүр”, -Бишкек, 2014-ж.
2. ”Мугалимдик ыйык жол”. Жусуп Баласагын атындагы КУУнун 80 жылдыгына арналат, -Бишкек, 2013-ж.
3. Асанов У.А. и др., ”Кто есть кто в Кыргызской науке”, -Бишкек, 1997 г.
4. Мадаминов Г., “Акыл эмгегинин маданияты”, -Бишкек, 2015-ж.
5. Мадаминов Г., “Устаттык өнөрү”, -Бишкек, 2011-ж.